| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>ТАЛАС РАЙОНУ<br>ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК<br>КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТАЛАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ<br>ЧОН-АЛЫШСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 4-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 18-апрель № 13 — Манас айылы

**ОсОО "Дан-Ордо" атындагы кум, шагыл карьерин кайрадан ижарага берүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги ар кандай маселелер боюнча жеке ишкер Молдоярова Дамира Батыркуловнанын арызын талкуулап, карап чыгып ОсОО "Дан-Ордо" атындагы кум, шагыл карьеринин мөөнөтүн узартуу боюнча Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын Кара-Булак участкасынын № 659,660,661 чөйрө сызыгындагы 5 га жер тилкедеги ОсОО "Дан-Ордо " атындагы кум, шагыл карьерин кайрадан ижарага берилсин.
2. Тиешелүү иш кагаздарын берүү жагы айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке жүктөлсүн.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы өзүмө калтырылсын.

**Төрага** — **Р. Биримкулов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**ЧОҢ-АЛЫШ АЙЫЛДЫК**
**АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК**
**КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ**
**ЧОН-АЛЫШСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 4-сессиясынын токтому**

2024-жылдын 18-апрель № 14 Манас айылы

**Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын деңгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформаны жүгүзүүнүн алкагында Талас облусунун Талас районунун Чоң-Алыш айыл аймагынын Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Жер ресурстары,кадастр,геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агенттигинин "Кыргызмамжердолбоор" мамлекеттик ишканасы тарабынан түзүлгөн Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасын карап чыгып жана талкуулап Чоң-Алыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Чоң-Алыш айыл аймагынын административдик чек арасынын схемалык картасы жана ага тиркелген чек ара баяндамасына макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун көчүрмөсү Чоң-Алыш айылдык аймагынын айыл өкмөт башчысы А. Көчөрбаевке тапшырылсын.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырамын.

**Төрага** **Биримкулов Р.Т.**